| | | |
|---|---|---|
| **КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ<br>ЖАЛАЛ-АБАД ОБЛУСУ<br>БАЗАР-КОРГОН РАЙОНУ<br>БАЗАР-КОРГОН ШААРДЫК<br>КЕҢЕШИ** | | **КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА<br>ЖАЛАЛ-АБАДСКАЯ ОБЛАСТЬ<br>БАЗАР-КОРГОНСКИЙ РАЙОН<br>БАЗАР- КОРГОНСКИЙ ГОРОДСКОЙ<br>КЕНЕШ** |

Базар-Коргон ш., К.Култаев көч. № 85,
тел: (03736) 5-00-53

г.Базар-Коргон , ул. К.Култаева № 85,
тел: (03736) 5-00-53

**Базар-Коргон шаардык кеңешинин I-чакырылышынын
кезексиз XXII-сессиясынын
№3-ТОКТОМУ**

04.10.2023-жыл Базар-Коргон шаары

Базар-Коргон шаар мэриясынын муниципалдык менчигинде турган 0,48 гектар жер аянтына муниципалдык базар курууга макулдук берүү жөнүндө

Кыргыз Республикасынын “Жер кодексинин” 12-беренесинин 2-пунктун, “Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө” мыйзамынын 34-беренесинин 2-пунктун, 45-беренесин аткарууга алып, 04.10.2023-жылкы чыгыш №01-17/410 саны менен катталган Базар-Коргон шаарынын мэри Т.Осмоновдун катына жана Базар-Коргон шаардык кеңешинин агрардык, айыл-чарба, муниципалдык, жайыт жерлер, архитектура, курулуш, кадастр, экология боюнча туруктуу комиссиясынын корутундусуна негиз, депутаттардын сунуш пикирлерин эске алып, Базар-Коргон шаардык кеңешинин I-чакырылышынын кезексиз XXII-сессиясы **токтом кылат**:

1. Базар-Коргон шаарынын мэриясынын муниципалдык менчигинде турган кол өнөрчүлөр үчүн курулган курулуштар жайгашкан 0,48 гектар жер аянтына муниципалдык базар курууга макулдук берилсин.
2. Токтомду аткаруу жагы Базар-Коргон шаар мэри Т.О.Осмоновго жүктөлсүн.
3. Аталган токтом Кыргыз Республикасынын «Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актылары жөнүндө» Мыйзамына ылайык Базар-Коргон шаарынын расмий www.bazar-korgonmeria.kg веб-сайтына жарыялансын.
4. Бул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы Базар-Коргон шаардык кеңешинин агрардык, айыл-чарба, муниципалдык, жайыт жерлер, архитектура, курулуш, кадастр, экология боюнча туруктуу комиссиясынын төрагасы Т.Мирзахмедовго милдеттендирилсин.

**Төрага** **К.К. Анарбеков**